***Казакбаев М.К. -*** *КМЮА, ага окутучусу*

**342.511.6+342.531.45](575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫНЫН ИММУНИТЕТИНИН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын иммунитетинин конституциялык-укуктук негиздери баяндалат.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается конституционно-правовая основа иммунитета Президента Кыргызской Республики, депутатов Жогорку Кенеша Кыргызской Республики и судей Верховного суда Кыргызской Республики.*

***Annotation:*** *The given article considers constitutional legal basis of the President immunity of the Kyrgyz Republic, members of the Jogorky Kenesh and Supreme court Justices of the Kyrgyz Republic.*

***Негизги сөздөр:*** *Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары, иммунитет институту, укуктук иммунитет.*

***Ключевые слова:*** *Президент Кыргызской Республики, депутаты Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, судьи Верховного суда Кыргызской Республики, институт иммунитета, правовой иммунитет.*

***Keywords:*** *The president of the Kyrgyz Republic, members of the Jogorky Kenesh, Justices of the Supreme court, Institute of immunity, legal immunity.*

Цивилизациялуу коом эл аралык, мамлекеттик жана коомдук институттардын иш-аракеттерин, ошондой эле мындай иш-аракеттерге катышуучу адамдардын коопсуздугун камсыздоочу кепилдиктерге муктаж болот. Мындай орчундуу кепилдиктердин бири укуктук иммунитет болуп саналат.

Иммунитет институту калктын артыкчылыктуу корголгон топторунун мыйзам менен жашоосу учун эмес, биринчи кезекте алардын кесиптик иштерин жана өзгөчөлуктөрун жузөгө ашыруусуна өбөлгө болуучу шарттарды тузуу учун зарыл. Мына ушул себептен улам аталган институтту мамлекеттик бийликтин органдарынын статусуна байланышынан тышкары кароого болбойт. Аталган статус өзу иммунитет институтунун бир бөлугу болуп саналбайт, бирок бул эки институттун ортосунда өз ара тыгыз байланыш бар, мындан тышкары, алар жалпы мыйзам чыгаруу негизине ээ. Бийликтин тигил же бул формасы берилген тигил же бул кызмат адамында иммунитеттин болушун, ошондой эле ага өзгөчө статустун берилишин шарттап, иммунитет алардын өздөрунун кесиптик милдеттерин ийгиликтуу жузөгө ашыруусуна өбөлгө тузуугө тийиш.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы бизди Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын статусунун, тагыраак айтканда, анын мыйзам чыгаруу базасынын көйгөйлөрун бул максаттар учун толугураак турдө кароого милдеттендирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын ишин ойдогудай жана натыйжалуу камсыз кылуу тиешелуу ченемдик укуктук базаларсыз мумкун эмес. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын конституциялык-укуктук ишинин жана статусунун негизин тузгөн ченемдик укуктук актыларды көлөму боюнча уч ар кандай жана маанилуу топтордогу мыйзам чыгаруу фактыларына классификациялоого болот, атап айтканда:

1. Эл аралык-укуктук актылар, алардын арасында эң маанилуусу 1948-жылы 10-декабрда кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясы; 1966-жылы 16-декабрда кабыл алынган "Жарандык жана саясий укуктар жөнундө" Эл аралык пакт жана 2002-жылдын 7-октябрында кабыл алынган "Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердеги демократиялык шайлоолордун, шайлоо укуктарынын жана эркиндигинин стандарттары жөнундө" Конвенция болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын ишин жана конституциялык-укуктук статусун тикелей жөнгө салган актылар: 2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2003-жылдын 18-июлундагы № 152 "Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердуулугунун кепилдиктери жөнундө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; 2008-жылдын 18-декабрындагы № 267 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын статусу жөнундө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; 2011-жылдын 13-июнундагы № 37 "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнундө" Кыргыз Республикасы-нын конституциялык Мыйзамы ж.б.

3. Башка ченемдик-укуктук актылар: 2005-жылдын 3-январындагы № 3 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнундө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; 2011-жылдын 25-ноябрындагы № 223 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнундө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; 1999-жылдын 8-октябрындагы № 105 "Кыргыз Республикасынын сотторунун статусу жөнундө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдору жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун конституциялык палатасынын чечимдери.

СССРдин кулашы жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын тузулушу менен демократиялык ченемдерге, рыноктук экономикага жана саясий плюрализмге негизделген, демократиялык мамлекеттик жана жарандык коомду курууга багытталган Кыргызстан азыркы учурда Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун бир бөлугу болуп калган эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана ченемдерине өзунун жолун жолдоочулук иш-аракетин далилдеди [1, 25-б.].

1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин 3-пунктунда "Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамда белгиленген тартипте кучунө кирген эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун ажыралгыс бөлугу болуп саналат", - деп айтылган.

2010-жылдын 27-июнунда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-пунктунда "Ар кимге ушул Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республи-касы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет", - деп айтылган.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын эки конституциясында, алардын бардык редакцияларын чогуусу менен алганда, жогоруда айтылгандай эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин жана ченемдерин жолун жолдоо так жарыялануу менен эл аралык принциптердин жана ченемдердин иштөөсун камсыз кылган ар кандай турдөгу уюмдарга Кыргызстандын кошулгандыгы зарыл турдө белгиленген. Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмуна мучө болуу менен анын Конвенцияларынын 7-катышуучусу болуп саналат [2, 9-б.]. Алардын бири 1966-жылдын 16-декабрындагы жарандык жана саясий укуктар жөнундө Эл аралык пакт болуп саналат [3]. Кыргызстан учун бул документ маңызы боюнча демократиялык мамлекетти куруу жана элдин жалпы эркине ылайык мамлекеттик органдарды тузуу учун негизги улгу болуп саналат. Маселен, жогоруда айтылган Эл аралык пактынын 25-беренесине ылайык, ар бир жаран кандайдыр бир дискриминациясы жана негизсиз чектөөлөру жок укукка жана өзунун тикелей эркин өзу

шайлаган өкулдеру аркылуу мамлекеттик ишти алып барууга катышуу мумкунчулугуне ээ болууга тийиш.

Кыргызстан 1994-жылдын 7-октябрында аталган Пактыга кошулгандан кийин, "Жарандык жана саясий укуктар жөнундө эл аралык Пактынын жоболорун жузөгө ашыруу тууралуу" баяндамада белгиленгендей, өзунун бардык мыйзамдарында жана ченемдик актыларында ошол ченемдердин жолун жолдой баштаган [4, 9-б.].

Постсоветтик мейкиндикте Кыргыз Республикасы кабыл алган эл аралык документ - өзунун маанилуулугу боюнча 2002-жылдын 7-октябрында Кишинев шаарында Кыргызстан тарабы кол койгон "Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине катышкан мамлекеттердеги демократиялык шайлоолордун, шайлоо укуктарынын жана эркиндигинин стандарттары жөнундө" Конвенция болуп калды [5]. Аталган документте КМШ өлкөлөрунө катышкан мамлекеттер кол койгон келишим Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Уставындагы, Жарандык жана саясий укуктар жөнундө эл аралык Пактыдагы жана Адам укуктарынын жалпы декларациясындагы максаттардан жана принциптерден улам келип чыгуу менен, биринчи кезекте, элдин өз эркин билдируусун бийликтин ыйгарым укуктарынын негизи катары белгилейт.

Конвенцияда бугунку кундөгу демократиялык шайлоолордун стандарттары каралган жана алардын бардыгын санап өтуугө негиз бар, анткени алар жалпысынан Президенттин, депутаттык корпустун жана табигый турдө судьялар корпусунун иштеринин натыйжалуулугун камсыздоого ундөгөн шарттарды тузөт. Буга байланыштуу, иммунитет институтунун өзу сыяктуу эле алардын бардыгына иммунитеттерди беруу, бутундөй алганда дал мына ошол аталган максаттарга кызмат кылат. Ошентип, Конвенцияда, так-тап айтканда, анын 1-беренесинин 2-пунктунда: мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарына, элдик (улуттук) өкулчулуктун башка органдарына жарандын шайлоо жана шайлануу укугу; жашыруун добуш беруудө шайлоо укугунун жалпыга бирдей негизинде шайлоолордун мезгилдуулугу жана милдеттуулугу, адилеттуулугу, аныктыгы жана эркин принциптери; шайлоолорго жалпы жана эл аралык байкоо жургузуудө адамдын жана жарандын шайлоого укуктары менен эркиндигинин соттук жана башка жактан корголушун жузөгө ашыруу; шайлоо процессине катышкандардын шайлоо укуктарын жана эркиндигин ишке ашырууга кепилдиги белгиленген [5].

Улуттук деңгээлде кабыл алынган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жо-горку сотунун судьяларынын конституциялык-укуктук статусун белгилеген жалпы тартиптеги ченемдер, биринчи кезекте, өкулчулуктуу демократиянын башталышына негиз салган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын беренелери болуп саналат.

1993-жылдын 5-майындагы Конституция жана 2010-жылдын 27-июнундагы Конституция элдин бийлигинин биринчилигин жана мамлекеттик бийликтин өкулчулуктуу органдарынын, Президенттин жана депутаттардын бийлиги элдин эркине жана бийлигине жараша боло тургандыгын аныктайт жана мыйзамдуу бекитет.

2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Респу-бликасынын Конституциясынын 3-беренесине ылайык:

"Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик:

1)буткул эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңеш жана Президент өкул болгон жана камсыз кылган элдик бийликтин устөмдугунун;

2)мамлекеттик бийликти бөлуштуруунун;

3)мамлекеттик органдардын жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын эл алдындагы жоопкерчилигинин жана ачыктыгынын, өз ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында жузөгө ашыруусунун;

4) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет".

Беренеде эске алынган бардык принциптер демократиялык мамлекет (же өз ичинде демократияны куруп жаткан мамлекет) учун негиз болуучу мааниге ээ.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарынын конституциялык-укуктук статусунун жана ишинин кепилдиктеринин булактарынын бири Кыргыз Республикасында саясий кеп турдуулук деп таанылган жобо болуп саналат. Колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесинин 1-пунктунда Кыргыз Республикасы саясий көп турдуу жана көп партиялуу катары таанылат деп көрсөтулгөн. Саясий партиялар, кесиптик союздар жана башка коомдук бирикмелер, ошол эле берененин 2-пунктуна ылайык, жарандар тарабынан өздөрунун укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу жана коргоо, саясий, экономикалык, социалдык, эмгек, маданий жана башка кызыкчылыктарын канааттандыруу учун өз эркин ыктыярдуу билдируунун жана кызыкчылыктардын бирдиктуулугунун негизинде тузулушу мумкун. Саясий партиялар, ошол эле Конституциянын 4-беренесинин 3-пунктуна ылайык, жарандардын саясий эркин билдируусунө, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарын жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарын шайлоолорго катышуу укуктарына көмөктөшуугө тийиш.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, атап айтканда колдонуудагы Конституциянын 4-беренесинин 4-пунктчасында партиялардын ишине тиешелуу бир катар тыюу салуулар каралган. 1 жана 2-пунктчалар кызыктуу, ага ылайык саясий партияларга мамлекеттик, муниципалдык жана партиялык институттар менен аралашып кетуугө; мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде жана уюмдарда партиялык уюмдардын тузулушунө жана алардын ишине; мамлекеттик жана муниципалдык кызмат тарабынан андай иш кызматтык ишмердуулуктөн тышкары учурларды кошпогондо, партиялык ишти жузөгө ашырууга тыюу салынган. Судьялар болсо саясий партиялардын мучөлөру болууга укуксуз, ошондой эле алар кайсы бир саясий партияны колдоп да чыга алышпайт.

Жемиштуу иштөө учун, ошондой эле өздөрунун депутаттык укуктарын коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин депутаттарына Конституцияда, атап айтканда 70-берененин 3-пунктунда фракцияларга биригуу укугу берилген.

Акырында айтканда, Кыргыз Республикасында конституциялык укукка ээ адамдын жана жарандын Конституцияда бекитилген ченемдерге ылайык өлкөнун коомдук-саясий турмушуна катышуусу боюнча Президенттик жана депутаттык ыйгарым укуктардын келип чыгышына жана ишке ашырылышына көнул буруу керек. Биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын жарандарынын өздөрунун бийлигин туздөн-туз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын негизинде мамлекеттик органдардын жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу жузөгө ашыруу укугун Кыргыз Республикасынын жарандарына берген колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 2-пункту жөнундө сөз болуп жатат.

Конституциянын 52-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасына ылайык аталган жобонун логикалык жактан уланышы Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын мыйзамдарды талкуулоого жана республикалык жана жергиликтуу маанидеги мыйзамдар менен чечимдердин кабыл алынышына катышуу; ошол эле Конституциянын 52-беренесинин 1-пунктунун 2-пунктчасына ылайык

- Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана мыйзамдарында каралган тартипте мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтуу өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого жана шайланууга жекече укугу болуп саналат. Мындан тышкары, Конституциянын 52-беренесинин 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарда иштөөдө бирдей укуктарга ээ.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:**

1. Комментарий к Конституции Кыргызской Республики / К.М. Осмоналиев, Р.Ш. Азыгалиев.Б.: ЮрИнфо, 2008. - 225 с.

2. Обязательства Кыргызстана по правам человека. Материалы парламентских слушаний 1314 сентября 2006 г. Бишкек / Под ред. А Х Эсен-гельдиева, Д.И. Кабака. - Б.: Программа ПРООН «Демократическое управление», 2007. - 100 с.

3. Международный Пакт о гражданских и политических правах. г. Нью-Йорк от 16 декабря 1966 г. // Библиотечка Российской газеты. - 1999.- №№22-23.

4. Обязательства Кыргызстана по правам человека. Материалы парламентских слушаний 1314 сентября 2006 г., Бишкек / Под ред. АХ Эсен-гельдиева, Д.И. Кабака. - Бишкек: Программа ПРООН «Демократическое управление», 2007.

5. Конвенция «О стандартах демократических выборов, избирательных прав и свобод в государствах-участниках Содружества Независимых Государств» от 7 октября 2002 г. [электронный ресурс] / WWW-сайт: http: // www.base. spinform.ru/show.fwx